1.Аз-Замахшари, Абулкасим Джаруллох Махмуд. Тафсири-ал-Кашшаф. – Бейрут; Лубнан: Дар-улфикр, 2006.
2.аз-Замахшари «ал-Мухаджат би-л-масаил ан-нахвийа».
3.Ал-Джувайни, Мустафа ас-Сави. Манхадж аз-Замахшари фи-тафсир ал Коран.
4. Аз-Замахшари. ал-Кашшаф.
5.Ал-Гомиди, Солих ибни Азмуллоҳ. Алмасаилу-л-иътизалияти фи тафсири «ал-Кашшаф» лизЗамахшари.
6.Ал-Хуфи, ал-Дуктур Ахмад Мухаммад. Аз-Замахшари. – Каир: Дар ал-фикр ал-араби, 1966.
7. Бакир ал-Хасани. Аз-Замахшари.
8. Мавдуат ал-'улум.
9. Халидов Б. 3. Халидов А. Б. Указ. раб. – С.552. Характерная черта стиля аз-Замахшари, игра слов.
10. Шейх Баха ад-дин Мухаммад ал-Амили. Кашкул. – Миср 1316 х.

УДК:376
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-211-214

**Камилбек кызы Асел, Байтикова Т.А.**
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун педагогика багытынын магистранты,
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун доценти, ф.и.к.
**Камилбек кызы Асел, Байтикова Т. А.**
Магистрант напраления педагогика ИГУ им. К. Тыныстанова,
к.ф.н., доцент ИГУ им. К. Тыныстанова
**Kamilbek kyzy Asel, Baitikova T.A.**
undergraduate in the field of Pedagogy ISU named after K. Tynystanov,
Ph.D., associate professor of ISU named after K. Tynystanov

# БАЛДАР ЧӨЙРӨСҮ – ДЕН СООЛУГУНАН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН БАЛДАРДЫН ИНСАНДЫК ЖАКТАН ӨНҮГҮҮ ФАКТОРУ КАТАРЫ

# ДЕТСКАЯ СРЕДА – КАК ФАКТОР ЛИЧНОСТНОГО РАЗВИТИЯ ДЕТЕЙ С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ

# CHILDREN'S ENVIRONMENT – AS A FACTOR OF PERSONAL DEVELOPMENT OF CHILDREN WITH DISABILITIES

**Аннотация:** макалада ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын дени сак балдардын арасында инсандык жактан өнүгүүсү, алар үчүн пикирлешүү процессинин мааниси каралат.

**Аннотация:** в данной статье рассматриваются вопросы развития личности детей-инвалидов среди здоровых детей и значение процесса общения для них.

**Annotation:** This article discusses the development of the personality of disabled children among healthy children and the importance of the communication process for them.

**Негизги сөздөр:** ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, пикирлешүү, инсандык өнүгүү, шарт, жеткиликтүүлүк чөйрө, таасир.

**Ключевые слова:** дети с ограниченными возможностями, общения, личностное развитие, условие, доступная среда, влияние.

**Key words:** children with disabilities, communication, personal development, condition, accessible environment, influence.

Билим берүү системасы көп жылдар бою дени сак балдардан ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды бөлүп, алардын айрым гана бөлүгү атайын мектептерде окушса, көпчүлүк катмардын билим алууга болгон мүмкүнчүлүктөрү чектелип келген. Бул категориядагы балдар дискриминациядан кабылып, мектеп алар үчүн жеткиликсиздик проблемасын жараткан.

Учурда социалдык жеткиликсиздик жана жашоо ишмердүүлүгүн чектөө бул социалдык ролдорду аткаруу жөндөмүнүн жетишсиздиги дегенди түшүндүрүп, аны баланын бузулуулары менен байланыштырууга болбой тургандыгы айкын болду. Анткени, дене түзүлүшү жагынан бузулуусу бар баланын аң-сезими толук өнүккөн болсо, мектеп ал үчүн жеткиликтүү болушу шарт жана юридикалык жактан ал окутуу, тарбиялоо процессине аралашууга толук укуктуу.

Мезгилдин талабына ылайык бүгүнкү күндө өлкөбүздө өзгөчө муктаждыктарга ээ балдарды жалпы билим берүү мекемелеринде инновациялык негизде окутууга жана тарбиялоого көңүл бурулуп келе жатат. Инклюзивдик билим берүү баланын инсандык жактан калыптануусунун негизги шарты боло алса, балдар чөйрөсүндө аталган шарттын эң маанилүү критерийи болуп саналат.

Инклюзивдик билим берүүнүн маданияты бул чөйрөнүн катышуучуларынын (окуучулар, алардын ата-энелери, педагогдор) өз ара мамилелеринен түзүлөт, тактап айтканда, мектепте реалдуулук менен болгон жаңы мамилелер системасы калыптанат. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын коомчулукта өзүнүн ордун табуусу, жөндөмүн реализациялоосу социалдык шарттардан, коомдук нормалардан, балдарга болгон мамилелерден көз каранды десек болот. Аталган мамилелер системасынын ичинен ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген бала үчүн курбалдаштары менен болгон мамиле алдынкы планга чыгып, алардын массалык мектептин чөйрөсүнө көнүп кетүүсүнө шарт түзөт. Көпчүлүк кырдаалда балдар коллективи аяр категориядагы балдарды кабылдоосу жеңил өтөт. Өз теңдүүлөр менен пикирлешүү процессинде өз ара түшүнүүнүн, бирдиктүү иш-аракетте болуунун, өз ара таасир этүүнүн ыкмалары иштелип чыгат. Балдар чөйрөсүндө бала өзүн башкалар менен салыштырып, өзүнүн ийгиликтерин жана жолу болбой калган учурларын талдап, өз иш-аракеттери менен курбалдаштары арасында кандайдыр бир орун ээлеп, сый-урматка ээ болот. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар өзүнө жаккан курбу издеп, алар менен мамиле түзүүгө ашыгышат, анткени ал чөйрөдө өзүн эркин сезип, алардын көз алдында инсандык сапаттары өнүгүү менен өзүн-өзү бекемдеп, индивидуалдуулугун жоготпостон өз пикирин эркин айтууга, сезимдерин билдирүүгө үйрөнөт.

Интеграцияланган окутуу дени сак балдар сыяктуу эле аяр категориядагы балдарга да көп нерсени берет. Бул процесс дени сак балдардын мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын физикалык жана психикалык кемчиликтерине болгон чыдамдуулугун, кызматташууга умтулууну, өз ара жардамдашуу сезимдеринин калыптануусун шарттайт. Бирге окутуу аталган категориядагы балдардын дени сак балдарга болгон адекваттуу мамилени, социалдык жүрүм-турумду калыптандыруу менен өнүгүүнүн потенциалын толук реализациялоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул балдардын интеграцияланышы айлана-чөйрөсүнүн системалуу мамилесинен да көз каранды десек болот.

Кенже мектеп куракта балдар арасында социалдык пикирлешүүнүн аймагы кеңейип, социум баладан жүрүм-турумуна жана инсандык сапаттарына катуу талап коет. Ал талаптарды бардык социалдык чөйрөлөр болгон: мугалим, ата-эне, окутуу ишмердүүлүгүн мүнөзү, курбалдаштар коет. Жүрүм-турумдун үлгүсүн мектеп, үй бүлө, достор жана атайын тандалган окуу китептери берет. Жогорудагы факторлордун негизинде эң негизги ролду окуу ишмердүүлүгү ойнойт. Окуу процесси баладан инсандык сапаттар болгон: өзүн-өзү баалоону, эрктин бекемделишин, өз жүрүм-турумун көзөмөлдөөнү үйрөтөт.


Тилекке каршы, бирге окутуу шартында проблема жок эмес. Айталык, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын курбалдаштар арасында пикирлешүүсүндө карама-каршы сезимдер кездешет. Мисалы, өздөрүнүн психологиялык же физиологиялык кемчиликтеринен улам мындай балдар өздөрүн коомдон оолак кармашат. Алардын пикирлешүүсүнүн мазмуну өздөрүнүн теңдигин жана «Мен» образын далилдөөдөн турат. Коргонуунун мындай түрү жүрүм-турумдун ар кандай формасын кабылдап, натыйжада пикирлешүүдө кыйынчылыктар туулуп, учурда бала ачык агрессивдүүлүктү, каршылашууну чөйрөгө көрсөтүү менен өзүнө бекинип алат, же уялуу, тартынуу сезим күчөйт. Айрым

балдар жалпы оюнга кошула албай, өзүн көрсөтүүдөн коркушуп, пикирлешүүдөн качышат. Алар өзүнүн «Менинде» бекинүү менен ошол чөйрөдө жашайт.

Пикирлешүүдөгү кыйынчылыктар ички психологиялык жагымсыздыкка алып келип, алардын жашоо ишмердүүлүгүнүн башка чөйрөсүндө эч кандай жогорку көрсөткүчтөр, же артыкчылыктар болбогондуктан мындай кемчиликти толуктай албайт. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын пикирлешүү чөйрөсү чектелүү болгондуктан курбалдаштары менен пикирлешүүнүн ыкмаларын калыптандыра албайт, достук мамиле түзө абайт, дүйнөнүн адекваттуу картинасын түзүү кыйынчылыкка турат. Мындан улам бала кеңири чөйрөгө ыңгайланышуу жана интеграциялануу жолунда чоң тоскоолдуктарды жаратат. Жогорудагы белгиленген баладагы агрессивдүүлүк дени сак балдардын ата-энелеринин жана айрым педагогдордун кабыл албоосунан улам да келип чыгат.

Эгерде чөйрө ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга адекваттуу мамиле кылса, анда баланын өзүнө болгон ишенимдүү жүрүм-туруму пикирлешүүнүн татаал шартында тез ориентир алып, алар башка балдарга да колдоо көрсөтүүгө аракеттенет. Ошондуктан аяр категориядагы балдарда коммуникативдик билгичтиктерди, өзүн-өзү адекваттуу баалоосун, инсан аралык сезимталдуулугун калыптандыруу үчүн сөзсүз түрдө курбалдаштарынын таасири, алардын мамилеси чоң роль ойнойт.

Бул максатта Каракол шаарынын 5 мектебинин башталгыч класстын окуучулары арасында «Мектеп мотивациясын баалоо» (Н.Г.Лусканова боюнча анкета) сурамжылоо жүргүздүк. Сурамжылоонун максаты окуучулардын мектепке, окуу процессине мамилесин аныктоо жана ошону менен бирге мектептин кырдаалына баланын эмоционалдык реакциясын байкоо болду. Сунушталган анкета топтук диагностика үчүн пайдаланылды. Бардык мектептен жалпы 250 окуучу сурамжылоого катышты.




Биринчи деңгээлди (25-30 упай) аныктаган окуучулар 35%ды түздү. Бул балдардын мектепке болгон мотивациясы жогору, талаптарды аткарууну, окууну каалашат, тапшырмаларды так аткарышат, мектеп чөйрөсү аларды канааттандырат. Жогорку мотивацияга ээ №11 мектеп-гимназиясынын окуучулары башка мектептин окуучуларынан айырмаланышты.

Экинчи деңгээлди аныктаган (20-24 упай) окуучулар көбүрөөк бөлүгүн, тактап айтканда, 43%ды түзүштү. Бул жакшы мектеп мотивациясы, ченемдерге азыраак көз каранды болушту.

Үчүнчү деңгээл (15-19 упай) 20%, бул балдар мектепке карата оң жактуу көз караште, бирок бул балдарды окуу процесси эмес, башка сабактан тышкаркы иштер кызыктырат, башкача айтканда, окуучу болгусу келүү сезимдери ээлеп, мектеп атрибуттарына гана кызыгышат.

2% окуучу төмөн деңгээлди көрсөттү, бул балдардын мектепке болгон мотивациясы өтө төмөн экендиги белгилүү болду.

Каракол шаарындагы мектептердин социалдык педагогдору менен мектептеги инклюзивдик билим берүүнүн абалы, аяр категориядагы балдар жана дени сак балдар менен өз ара

мамилелери тууралуу аңгемелешүү жүргүзгөнүбүздө №2 жалпы орто билим берүү мектебинин социалдык педагогу Ш.Ш.Акынбаева төмөнкүлөргө токтолду: «Мен мектепте 42 жылдан бери математика сабагынан берем жана 6 жылдан бери социалдык педагогдун кызматын да аткарып келе жатам. Жалпы мектепте 7 майып бала бар, шал оорусу менен ооруган балдар: Байэл жана Максим, алар өздөрү баса алат. Мисалы, 5-класста Умар деген бала араба менен сабакка келип, аны энеси жанында коштоп жүрөт, Умар аң-сезими толук калыптанган акылдуу бала, ал эсептеп айтып берсе энеси жазат, энеси жок күнү бул балага дени сак балдар сабагынан жардам беришет, тыныгуу учурунда эшикке чыгарып келишет. Майып балдарды мектепте окутуу программасы киргендигине 7-8 жыл болуп калды, дени сак балдар таң калып карашпайт, алар чөйрөгө көнүшкөн. Инклюзивдик билим берүүнүн оң жактарын алсак, бала үчүн абдан жакшы, себеби балдар коллективге кошулуп атат, дени сак балдарда боорукерлик менен мамиле кылууда майып балдар өзүн жалгыз сезбейт, балдар ортосунда социалдык өз ара карым-катыштын жогорку деңгээли байкалат, социалдык компетенция жакшырат, коммуникациянын ыкмалары өздөштүрүлүп сүйлөө речи жакшырып атат, окуу процессинде академиялык жетишкендиктер артат, укуктары корголууда, балдар менен ойноп, өздөрүн эркин сезишет, депрессияга учурабайт, көбүрөөк кыймыл-аракетте болушат. Айрым учурда терс жактары да байкалат, себеби майып балдардын психикасы аябай назик болгондуктан алар маалыматты тез кабыл ала албай, оюндагысын айта албай калган учурда кээде ыйлап, агрессия пайда болсо, дени сак балдар аларды карап, таң калууда сабактан алагды болгон учурлар кездешип, бирок бир аз убакыттан кийин кайрадан өз калыбына түшүп калышат. Мындай учурду мен терс көрүнүш деп айта албайм, алар анча деле мааниге ээ эмес, негизгиси, бирге окутуу алардын ата-энеси үчүн абдан жакшы болду”.

Жогоруда адистин пикирине токтолсок, инклюзивдик чөйрө түзүлүп калган мектептерде балдар коллективи өзгөчө муктаждыктарга ээ балдарга көнүп калгандыгын жана аларга карата адекваттуу мамилени байкадык. Ошондой эле курбалдаштары менен болгон мамилелер бара-бара тандалмалуулукка өткөн учурлар да байкалат. Мисалы, балдар өз ара инсандык баа берүүдө класстан тышкары иштерде бирдиктүү тажрыйбалар топтолот, аяр категориядагы бала бул тажрыйбага кандайдыр бир деңгээлде салым кошот. Натыйжада, достордун пикири да баланын инсандык өнүгүүсүндө жөнгө салуучу (регулирующий) фактор боло алат.

Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын курбалдаштары арасында мугалимдин мактоосуна татыктуу болуусу, баалануусу конкреттүү билимдин гана эталону болбостон, бардык инсандык өнүгүүнүн да эталону боло алат. Анткени, өнүгүүдө кемчиликтери бар балдарда өзүнө болгон ишеним сезим артат да, жөндөмүн көрсөтүүгө ашыгышат. Мугалимдин талаптары жана пикири моралдык нормалардын негизи катары каралат.

Жыйынтыктап айтканда, аяр категориядагы балдардын инсандык өнүгүүсүн калыптандырууда билим берүү инлкюзиясына дени сак балдарды жана алардын ата-энелерин психологиялык жактан даярдоо иштери колго алынса, биз коомго чоң салым кошкон болобуз. Ошону менен бирге ар бир бала өздүк индивидуалдуулугу менен төрөлөт, аны биз кандай болсо дал өзүндөй кабылдоого милдеттүүбүз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Инклюзивное образование. Настольная книга педагога, работающего с детьми с ОВЗ. Коллектив авторов. Гуманитарный изд.центр ВЛАДОС. М.: 2014.
2. Инклюзивдик билим берүү. Программалык-усулдук комплекс. Бишкек.: 2015-ж, 4-б.
3. Инклюзиянын деңгээлин мониторинг жүргүзүү куралы. Сорос-Кыргызстан.КР-2020-ж.
4. Кудайкулова А. Инклюзивдик билим берүү: мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды эрте жаш куракта аныктоо жана үйрөтүү.//КББАнын кабарлары. №2 (30) Атайын чыгарылыш. Б.:2014-ж., 114-б.